# “Сагындым сени”

Сөзү: Ибрагим Сатыбаевдики.

Обону: Маматмуса Бакировдуку.

Сабалап ойлор көгүчкөн,

Сагынуу эргип келишкен.

Саймалап сүйүү жаратын,

Санаага салдың деги сен.

Ээй сагындым сени

Оой сагвндым сени

Саймалап сүйүү жаратын,

Санаага салдың деги сен.

Элесиң менин түнөгүм

Ээлирип барат жүрөгүм

Эч арман менде жок эле,

Эгер бир болсоң түгөйүм.

Ээй сагындым сени,

Оой сагвндым сени.

Эч арман менде жок эле,

Эгер бир болсоң түгөйүм.

Алыста жүрсөң издеймин,

Жанымда жүрсөң сиз деймин.

Жароокер жаным сагынып

Жыпар бир жытың искеймин.

Ээй сагындым сени,

Оой сагвндым сени.

Жароокер жаным сагынып

Жыпар бир жытың искеймин.